С
Э
М
И
Б

СОЦИАЛДЫК-ЭМГЕКТИК МАМИЛЕЛЕРДИ
ИЗИЛДӨӨ БОРБОРУ

**Таджибаев Э.А.**
**Джаналиев Н.А.**
**Мухамет у. Б.**

# Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузганы үчүн иш берүүчүлөрдүн жоопкерчилиги

Бишкек шаары, 2020-жыл

# Аннотация

Кыргыз Республикасында 2014-жылдан тартып турмуш-тиричиликтин бардык чөйрөсүндө, анын ичинде, сот системасындагы реформада укуктук жөнгө салууну кайра түзүү башталды.

Ушуга байланыштуу жаңы мыйзамдык актылар кабыл алынды. Андай актылардын катарында Кыргыз республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин, Бузуулар жөнүндө кодексинин жана Жазык кодексинин өндүрүштөгү жоопкерчиликке тиешеси бар

Жогоруда аталган ченемдик актыларда ченемдер анык жана майда-чүйдөсүнө чейин регламенттелген, ага ылайык кызматкердин жана иш берүүчүнүн мыйзамдарды бузганы үчүн жоопкерчиликтери каралган.

Усулдук материал экономиканын ар түрдүү тармактарындагы кызматкерлер жана иш берүүчүлөр үчүн бузуулар жөнүндө маалымдоо жана бузуулардын алдын алуу максатында түзүлгөн. Бул китепчеде баяндалган материалдарды даярдаган Социалдык-эмгектик мамилелерди изилдөө борборунун (СЭМИБ) директору, Кыргызстандын Тоо-кен металлургия кесиптик бирлигинин Борбордук Комитетинин (КТМК БК) төрагасы, философия илимдеринин кандидаты Э.А. Таджибаев, СЭМИБдин эксперттери жана КТМК БКнын адистери Н.А. Джаналиев жана Б.Мухамет уулу.

Китепчеде баяндалган материалдарды пайдаланган учурда ушул басылмага милдеттүү түрдө шилтеме жасоо керек.Жоопкерчилик жөнүндө ченемдер тандалып алынган бул материалдар КР мыйзамдарынын 2020-жылдын январындагы абалы боюнча даярдалган.

# Киришүү

Өндүрүштө жана уюмда колдонулуучу эмгек мамилелери укуктук ченемдердин негизинде милдеттүү түрдө регламенттелүүсү керек. Андай мамилелердин мыйзамдык жактан жөнгө салынышы тараптарга укуктарды берет жана өз кезегинде тараптарды өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарууга милдеттендирет. Укуктук мамиледеги субъекттердин бири аны бузган жагдайда укуктук чектөөгө жана жазага тартылат. Укуктук чектөө укуктук мамилелердин тиешелүү тармактарын жөнгө салган мыйзамдарда сөзсүз каралуусу керек. Мыйзамдардын ченемдерин милдеттүү түрдө аткаруу укуктук мамилелердеги субъекттерге өз ара карым-катнаштардын мамлекет – иш берүүчү – кызматкер деңгээлинде ойдогудай иштешине укуктук кепилдикти камсыздайт.

Укуктук мамилеге катышуучулардан бирөө мыйзамдарды бузган учурда, бул жогоруда көрсөтүлгөн системанын бүлүнүүсүнө алып келет. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында кодификацияланган актылардын жаңы редакцияларын кабыл алуунун негизинде административдик бузуулар, жоруктар жана кылмыш түрлөрүндө жоопкерчилик каралган.

Мыйзам чыгаруучу административдик бузууну жоруктардан, жоруктарды кылмыштан конкреттүү түрдө бөлүп чектейт. Мыйзамдарга жоопкерчилик жөнүндө жаңы ченемдер киргизилгенге чейин укук коргоочу органдарынын алдында субъекттин бузуулар жасагандыгына укуктук баа берүү боюнча көйгөйлөр жаралган. Себеби, учурда күчүн жоготкон мыйзамдарда жоопкерчиликтин эки эле түрү каралган болчу: административдик жана кылмыштык, анда субъекттердин анча-мынча бузууларды жасаганы үчүн ага кылмыштык-укуктук мүнөз берүүгө туура келген, анткени

бул ченем кылмыштуулук мыйзамдарында каралган.

Колдонуудагы мыйзамдар коомдогу кооптуулугунун деңгээли боюнча: бузуулар, жоруктар жана кылмыштар деген аныктамаларды так бөлүп карайт. Бузууларды укуктук натыйжаларынын оордук деңгээли боюнча укуктук регламенттөө мыйзамдардын гумандуулугун ырастайт.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, төмөнкүдөй өңүттө түшүнүк жана бузууларга чектөө киргизилген:

- Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчилик каралган, коомдук башкаруу тартибине каршы жеке же юридикалык, жактар тарабынан жасалган укукка каршы, күнөөлүү жосун (аракет же аракетсиздик) административдик бузуу деп таанылат.
- Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинде жаза чарасы каралган, инсанга, коомго же мамлекетке зыян келтирген же зыян келтирүү коркунучун жараткан жорук субъектиси жасаган күнөөлүү, укукка каршы жосун (аракет же аракетсиздик) жорук деп таанылат.
- Жазык мыйзамында каралган коомго коркунуч келтирген, күнөөлүү жана жазалануучу жосун (аракет же аракетсиздик) кылмыш деп таанылат.

Жогоруда көрсөтүлгөн бузуулар бири биринен өз ара мамилелерди жөнгө салуунун белгилүү бир тармагында коомдук кооптуулуктун деңгээли жана бузууларды жасаганы үчүн жоопкерчиликтин катуулугунун деңгээли аркылуу өзгөчөлөнөт.

Мамлекет – иш берүүчү – кызматкер системасындагы укуктук мамиледегилердин субъекттеринин ар бири өздөрүнүн укуктарды жана милдеттерди алып жүрүүчүлөр экендигин билүүсү керек. Башка субъекттин укуктарын бузуу же чектөө жоопкерчиликке тартуу үчүн негиз болуп берет.

# ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК БАЗА

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталган жоопкерчиликке тартуунун укуктук базасы төмөнкүлөр болуп саналат:

- 2017-жылдын 13-апрелиндеги № 58 Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси;
- 2017-жылдын 1-февралындагы №18 Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси;
- 2017-жылдын 2-февралындагы №19 Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси;
- 2017-жылдын 2-февралындагы №20 Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси;
- 2017-жылдын 24-январы № 10 Кыргыз Республикасынын Жазык кодексин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексин, «Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын колдонууга киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНЕ ЫЛАЙЫК КАРАЛГАН БУЗУУЛАР ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК

Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык, бузууларды жасаганы үчүн иш берүүчүлөргө, ошондой эле кызматкерлерге да жоопкерчилик каралган. Бул бузуулар шайлоо укуктарын башкаруу тартиби, коомдук тартипти жана өндүрүштүн коомдук коопсуздугун камсыз кылуу, менчикти коргоо, чарбалык жана каржылык

ишмердүүлүктү жүргүзүү жана башка чөйрөлөрдө көрүнөт.

**Шайлоого катышуу үчүн өргүү берүүдөн баш тартуу (43-берене)**

Депутаттыкка же башка шайлануучу кызматка талапкер болуп катталган талапкерге, талапкердин ишенимдүү адамына, же болбосо шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө мамлекеттик бийлик органдарына же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө катышуу үчүн мыйзамда каралган өргүүнү берүүдөн администрациянын (иш берүүчүнүн) баш тартуусу, -

1-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Эмгекти коргоо жөнүндө мыйзамдын талаптарын бузуу (57-берене)**

Сунуш кылынган иш медициналык корутундуга ылайык анын ден соолугу үчүн зыяндуу болуп саналган адам менен эмгек келишимин түзүү, -

1-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Өзүнчө категориядагы адамдарды түнкү, ченемден ашык иштерге, же дем алыш күндөрдө ишке тартуу эрежелерин бузуу, -

2-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Өзүнчө категориядагы адамдарды оор иштерге, зыяндуу же коркунучтуу эмгек шарттары бар иштерге тартуу эрежелерин бузуу, -

3-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Тарыхый-маданий мурас объекттерин кайтаруу жана пайдалануу боюнча мамлекеттик органдын уруксаты жок иш жүргүзүү (63-берене)**

Эгерде мындай уруксат милдеттүү түрдө болсо, та-

рыхый-маданий мурас объекттерин кайтаруу жана пайдалануу боюнча мамлекеттик органдын уруксаты жок жер казуу, курулуш, мелиоративдик, чарбалык жана башка иштерди жүргүзүү, -

5-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Тил жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузуу (65-1-берене)**

Тексттери адабий тилдин ченемдерине (алфавит жана орфографиялык эрежелер) ылайык келбеген көрнөктөрдү, кулактандырууларды, прейскуранттарды жана башка көрсөтмөлүү маалыматтарды юридикалык жана жеке жактардын имараттарында жайгаштыруу, -

эскертүүгө алып келет.

Ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган иш-аракеттер эскертүү жаза-чарасы колдонулгандан кийин бир айдын ичинде оңдолбосо же алты айдын ичинде кайталанып жасалса, -

1-категориядагы айып пул салууга алып келет.

«Шаардагы, айылдагы калктуу конуштарда тексттери адабий тилдин ченемдерине (алфавит жана орфография эрежелер) ылайык келбеген сырткы жарнактарды жайгаштыруу, -

1-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Белгиленбеген жерлерге таштандыларды таштоо, өрттөө (71-берене)**

Белгиленбеген жерлерге турмуш-тиричилик таштандыларын жана буюмдарын таштоо, өрттөө, ошондой эле түкүрүү, -

3-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Белгиленбеген жерлерге өндүрүштүк таштандыларды жана башка буюмдарды таштоо, өрттөө, ошондой эле жал-

бырактарды өрттөө, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Суу түтүгүнүн, канализациянын жана борбордук жылытуу тутумунун инженердик тарамдарынын жана курулмаларынын бүтүндүгүн бузуу (72-берене)**

Тиешелүү кызматтар менен макулдашпастан, квартиралардын ичинде жайгашкан суу түтүгүнүн, канализациянын жана борбордук жылытуу тутумунун инженердик тарамдарынын жана курулмаларынын бүтүндүгүн бузуу, -

2-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Суу түтүгүнө же башка тарамдарга өзүм билемдик менен кошулуу (75-берене)**

Суу түтүгүнө, канализациялык же жылуулук берүү тарамдарына өзүм билемдик менен кошулуу, -

2-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Коомдук тартипти, коомдук коопсуздукту, өндүрүштүн жана курулуштун коопсуздугун, транспорттун коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы бузуулар жөнүндө мыйзамдарды бузуу**

**Жарылгыч материалдарга карата тиешелүү эрежелерди бузуу (87-берене)**

Өнөр жай тармактарында жана мамлекеттик көзөмөл органдарынын контролу астындагы объекттерде жарылгыч заттарды жана пиротехникалык буюмдарды даярдоо, эсепке алуу, сатуу, ташуу, сактоо, ташып келүү, ташып кетүү, пайдалануу жана жок кылуу боюнча эрежелерди, ченемдерди жана нускамаларды бузуу, -

2-категориядагы айып пул салууга алып келет.

«Кооптуу өндүрүш объекттерин пайдалануучу уюмдардын жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузуу же аткарбоо, -

2-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Жумушка паспортсуз же каттоосуз кабыл алуу (88-берене)**

Иш берүүчүнүн жарандарды жумушка паспортсуз же каттоосуз кабыл алуусу, -

1-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Паспортту мыйзамсыз алып коюу (89-берене)**

Жарандын паспортун күрөөгө алуу же башка мыйзамсыз алып коюу, -

2-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Эл көп катышкан иш-чараларды өткөрүү убагында коомдук коопсуздукту камсыз кылуу эрежелерин бузуу (90-берене)**

Спорттук, маданий мүнөздөгү эл көп катышкан иш-чараларды өткөрүү убагында аларды уюштуруп жана өткөрүп жаткан жооптуу жактардын коомдук коопсуздукту камсыз кылуу эрежелерин бузуусу, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Өрт коопсуздугу эрежелерин бузуу (93-берене)**

Өрт коопсуздугу эрежелерин бузуу, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Долбоорлоо жана куруу эрежелерин бузуу (94-берене)**

Объекттерди долбоорлоонун, жайгаштыруунун, куруу-

нун, реконструкциялоонун жана пайдаланууга кабыл алуунун мамлекеттик стандарттарынын эрежелерин бузуу -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Шаар куруу документтеринин курулуш же реставрациялоо иштерин аткаруу тартибине ылайык келбеген бөлүгүндө объекттерди же курулмаларды долбоорлоо эрежелерин бузуу, -

3-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Эксплуатациялоо процессинде курулмалардын архитектуралык түрүн өзгөртүү тартибин бузуу, -

2-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Курулуш материалдарын, буюмдарын же конструкцияларын өндүрүү, сатуу же болбосо курулушта колдонуу убагында мамлекеттик стандарттарды, ченемдерди, эрежелерди же долбоорлоо чечимдерин бузуу, -

6-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Курулуш аяктагандан кийин мамлекеттик кабыл алуу (техникалык) комиссиясынын кабыл алуусуз үйдү же курулманы эксплуатациялоо же пайдалануу, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Объекттерди жана курулмаларды долбоорлоонун, куруунун, даярдоонун жана өндүрүштүн жаңы каражаттарын пайдалануунун санитардык ченемдери менен тартибин бузуу (95-берене)**

Объекттерди же курулмаларды долбоорлоонун, куруунун, реконструкциялоонун, эксплуатациялоого киргизүүнүн санитардык ченемдерин жана жаны технологияларды, өндүрүш каражаттарын иштеп чыгуу же пайдалануу тартибин бузуу, -

3-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Бөлүнүп берилген же бекитилген жер участогун өзү билемдик менен кеңейтүү(96-берене)**

Бөлүнүп берилген же бекитилген жер участогун өзү билемдик менен кеңейтүү, -

1-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Жол курулмаларын бузуу (119-берене)**

Жолду, көчөнү, темир жол өткөөлүн же башка жол курулмаларын бузуу, -

3-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Курулуш аянтчаларынан кеткен көчөнүн же жолдун өтүүчү бөлүгүн булгоонун алдын алууга карата чараларды көрбөө, жолдун өтүүчү бөлүгүндөгү ремонттоо-курулуш иштеринин натыйжасында бузулган жолдун же көчөнүн элементтерин калыбына келтирүү эрежелерин бузуу жол кыймылынын коопсуздугуна коркунуч келтирсе, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы техникалык регламенттердин, санитардык эрежелердин, гигиеналык ченемдердин жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарын бузуу (150-берене)**

Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы техникалык регламенттердин, санитардык эрежелердин, гигиеналык ченемдердин жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарын бузуу, -

1-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Ошол эле жосун, адамдар узак убакыт бою же болбосо убактылуу болуучу объекттердеги же жайлардагы абага карата жасалса, -

2-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Турак жай имараттарында, жайларда, квартираларда, үйлөрдө жана үйдүн жанындагы участоктордо санитар-

дык-гигиеналык ченемдерди, же санитардык-эпидемияга каршы ченемдерди бузуу, -

2-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган жосун калкты ичүүчү суу менен камсыз кылууда жасалса, -

3-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Тамак-аш азыктарын же чийки азык-түлүк заттарын өндүрүүдө, жүгүртүүдө же болбосо сатууда санитардык ченемдерди же мамлекеттик стандарттарды бузуу, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Химиялык заттарды жана материалдарды жүгүртүүдө техникалык регламенттердин, санитардык эрежелердин, гигиеналык ченемдердин жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарын бузуу (151-берене)**

Химиялык заттарды же болбосо материалдарды, уулуу заттарды, биотехнология продуктуларын же башка биологиялык агенттерди өндүрүүдө, жүгүртүүдө, сактоодо, жок кылууда же утилдештирүүдө техникалык регламенттердин, санитардык эрежелердин, гигиеналык ченемдердин жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарын бузуу, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Жер казынасы жөнүндө мыйзамды бузуу (174-берене.)

Пайдалуу кендер жаткан аянттарга курулуштарды куруу тартибин бузуу, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Пайдалуу кендер чыккан жерлерди сарамжалдуу пайдалануу талаптарын бузуу, -

3-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Маркшейдердик документтерди жоготуу, -

3-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Пайдалуу кендерди иштетүү эрежелерин бузуу, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Мунай же газ бургулоочу скважиналарда, кен чыккан жерлерде же болбосо мунай заттарын, ууландыруучу, башка жарылгыч же уулуу заттарды ташууда өрттөргө, кырсыктарга жол бербөө же аларды жоюу эрежелерин бузуу, -

5-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Жер казынасын пайдаланууга атайын уруксаттын (лицензиянын) өзгөчө шарттарын бузуу, -

8-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Жер казынасын геологиялык изилдөө боюнча иштерди жүргүзүү эрежелерин бузуу (175-берене)**

Жер казынасын геологиялык изилдөө боюнча иштерди жүргүзүү эрежелерин бузуу, -

3-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Жаратылыш ресурстарын пайдалануу лимиттеринен ашып түшүү (176-берене.)**

Жаратылыш ресурстарын пайдалануу лимиттеринен ашып түшүү, -

8-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Суу ресурстарын сактоо эрежелерин бузуу (177-берене)

Суу ресурстарын сактоо эрежелерин бузуу, -

3-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Суу фондунун жерлерин пайдалануу эрежелерин бузуу (178-берене)**

Суу коргоо зоналарында же суу фондунун жерлеринде чарбалык иштин режимин бузуу, суу фондунун жерлерин багыты боюнча пайдаланбоо, -

3-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Менчикти коргоо жана чарбалык жана каржылык иштерди жүзөгө ашыруу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы бузуулар жөнүндө мыйзамдарды бузуу

**Ишкердик ишти лицензиясы жок жүзөгө ашыруу (205-берене)**

Мыйзамда милдеттүү түрдө алынуусу каралган лицензиясы (уруксаты) жок ишкердик ишти жүзөгө ашыруу, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Лицензия алуу үчүн анык эмес маалыматтарды берүү (206-берене)**

Ишкердик иштин айрым түрлөрүн жүзөгө ашырууга лицензия (уруксатты) берүүчү органга лицензия (уруксат) алуу үчүн анык эмес маалыматтарды берүү, -

5-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды иш менен камсыз кылуу боюнча талаптарды аткарбоо (207-берене)**

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды жумушка орноштуруу үчүн белгиленген квотаны аткарбоо, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Ишке кабыл алуудан негизсиз баш тартуу (208-берене)

Мыйзам боюнча белгилүү бир категорияга таандык болгон адамды белгиленген квотанын чегинде ишке кабыл алуудан негизсиз баш тартуу, –

4-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Салык салуудан качуу жана бухгалтердик эсепти бурмалоо (217-берене)**

Бухгалтердик эсептин жоктугу же анын бурмаланышы

же болбосо бухгалтердик отчетторду, балансы, эсептешүүлөрдү жана бюджетке салыктарды чегерүү жана төлөө менен байланышкан башка документтерди бербөө, -

2-категориядагы айып пул салууга алып келет.

Пайданы, кирешени же салык салуунун башка объекттерин жашыруудан (азайтуудан) билинген - салык салуудан качуу, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Документтердин сакталышын камсыз кылбоо (219-берене)**

Контролдук-кассалык машиналарды (контролдук ленталарды) пайдалануу менен байланышкан документтердин сакталышын камсыз кылбоо же белгиленген тартибин бузуу менен кассир-операционисттин китепчесин жүргүзүү, -

1-категориядагы айып пул сатууга алып келет.

**Бирдиктүү салык декларациясын бербөө жана салыкты төлөбөө (222-берене)**

Белгиленген мөөнөттө бирдиктүү салык декларациясын бербөө же салыкты төлөбөө, -

эскертүүгө же болбосо 1-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Жалган ишкердик (223-берене)**

Жалган ишкердик, башкача айтканда жашыруун кирешелерди же башка мүлктүк пайда алуу максатында уставдык ишин жүзөгө ашырууну көздөбөстөн, коммерциялык же болбосо башка уюмдарды түзүү, -

3-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Инвесторлордун укуктарынын бузулушу (225-берене)**

Эмиссиянын проспектисинде так эмес маалыматтарды же болбосо ачык сунуштарды көрсөтүү же эмиссиянын проспектисинде мыйзамда белгиленген тартипте жарыялабай туруп, баалуу кагаздарды сатуу, ага тете милдеттүү түрдө ачык болушу мыйзамдарда каралган маалыматтарды инвесторлорго бербөө, -

2-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Каттоосуз экономикалык ишти жүргүзүү (241-берене)**

Социалдык камсыздандыруу органдарында катталбастан экономикалык ишти жүргүзүү, -

1-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**Социалдык камсыздандыруу менен байланышкан документтерди жана төлөмдөрдү белгиленген мөөнөттө бербөө (242-берене)**

Социалдык камсыздандыруу менен байланышкан документтерди жана төлөмдөрдү белгиленген мөөнөттө бербөө, -

1-категориядагы айып пул салууга алып келет. **АЙЫП ПУЛ** жеке жана юридикалык жактарга бузууларды жасаган учурда бузуулар жөнүндөгү мыйзамдарда белгиленген өлчөмдө жана тартипте салынуучу акчалай жаза чарасы болуп саналат..

**Айып пул өлчөмү сегиз категорияга бөлүнөт:**

| № | Айып пул | Жеке адамдар | Юридикалык жактар |
|---|---|---|---|
| 1 | 1-категориядагы айып пул | 10 эсептик көрсөткүч | 50 эсептик көрсөткүч |
| 2 | 2-категориядагы айып пул | 30 эсептик көрсөткүч | 130 эсептик көрсөткүч |
| 3 | 3-категориядагы айып пул | 55 эсептик көрсөткүч | 170 эсептик көрсөткүч |
| 4 | 4-категориядагы айып пул | 75 эсептик көрсөткүч | 230 эсептик көрсөткүч |
| 5 | 5-категориядагы айып пул | 100 эсептик көрсөткүч | 280 эсептик көрсөткүч |
| 6 | 6-категориядагы айып пул | 125 эсептик көрсөткүч | 350 эсептик көрсөткүч |
| 7 | 7-категориядагы айып пул | 150 эсептик көрсөткүч | 450 эсептик көрсөткүч |
| 8 | 8-категориядагы айып пул | 175 эсептик көрсөткүч | 450 эсептик көрсөткүч |

## ЖОРУКТАР ҮЧҮН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНДЕ КАРАЛГАН ЖООПКЕРЧИЛИК

Административдик бузууларга караганда катуураак чаралар көрүлө турганы “жоруктар”. Кыргыз Республикасынын укуктарды колдонуу практикасында “жоруктар” түшүнүгү жаңыдан киргизилген. Жоруктар түшүнүгүнүн пайда болуусунун укуктук башаты жазык мыйзамдарын гумандаштыруудан келип чыккан. Өз кезегинде жоруктарды – инсанга каршы, менчикке каршы, коомдук коопсуз-

дукка, коомдук тартипке, калктын саламаттыгына жана адеп-ахлакка каршы  ж.б. жоруктар деп бөлүүгө болот.

**Инсанга каршы жоруктар жөнүндө мыйзамдарды бузуулар**

**Уруп-сабоо (65-берене)**

Уруп-сабоо же денеге ооруксунуу келтирген башка зомбулук аракеттерди жасоо, -

I категориядагы айып пул же болбосо II категориядагы коомдук жумуштарга тартуу түрүндөгү жазага алып келет.

**Ден соолукка жеңил зыян келтирүү (66-берене)**

Адамдын саламаттыгына анын ден соолугунун кыска убакытка бузулуусуна алып келбеген жеңил зыян келтирүү, -

I категориядагы айып пул же болбосо I категориядагы коомдук жумуштарга тартуу түрүндөгү жазага алып келет.

Ден соолуктун кыска убакытка бузулуусуна же эмгекке жарамдуулукту бир аз туруктуу жоготууга алып келген ушундай эле жосун, -

II категориядагы айып пул, же болбосо II категориядагы коомдук жумуштарга тартуу түрүндөгү жазага алып келет.

**Абайлабагандан ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү (67-берене)**

Абайлабагандан адамдын ден соолугуна анча оор эмес зыян келтирүү, -

I категориядагы айып пул же болбосо II категориядагы түзөтүү жумуштары түрүндөгү жазага алып келет.

Жеңил ойлуулуктан же этибарсыздыктан улам адамдын өз кесиптик милдеттерин талаптагыдай аткарбоосу-

нун кесепетинен улам жасалган ушундай эле жосун, -

II категориядагы айып пул, же болбосо белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы түзөтүү жумуштары түрүндөгү жазага алып келет.

**Эмгек акыны, пенсияны, жөлөк пулду төлөбөө (85-берене)**

Менчигинин формасына карабастан ишкананын, мекеменин же уюмдун кызмат адамынын эмгек акыны, пенсияны, жөлөкпулду жана социалдык төлөмдөрдү төлөөгө багытталган акча каражаттарын өз багытында колдонбоосу, эгерде бул алардын өз убагында төлөнбөөсүнө алып келсе, -

II категориядагы айып пул же болбосо белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан II категориядагы ажыратуу түрүндөгү жазага алып келет.

**Жарандардын тилди эркин тандоо укугун бузуу (86-берене)**

Жарандардын тилди эркин тандоо укугун бузуу же болбосо тилди колдонууда башкача тоскоолдуктарды жана чектөөлөрдү түзүү, -

I категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Менчикке жана экономикалык иш жүргүзүү тартибине каршы коруктар жөнүндө мыйзамдарды бузуу**

**Орчундуу эмес өлчөмдө уурдоо (90-берене)**

Бөтөн мүлктү орчундуу эмес өлчөмдө уурдоо, башкача айтканда жашыруун алып коюу, -

II категориядагы айып пул же болбосо II категорияда-

гы коомдук жумуштарга тартуу түрүндөгү жазага алып келет.

Эскертүү. Ушул Кодекстин 90-94-беренелеринде каралган жосундар, эгерде уурдап алынган мүлктүн наркы жорук жасоо учуруна карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген эсептик көрсөткүчтүн жүз өлчөмүнөн ашпаса, орчундуу эмес өлчөмдө жасалган деп таанылат.

**Алдоо же ишенимди кыянат пайдалануу жолу менен орчундуу эмес өлчөмдө мүлктүк зыян келтирүү (93-берене)**

Алдоо же ишенимди кыянат пайдалануу жолу менен мүлктүн менчик ээсине же башка ээсине орчундуу эмес өлчөмдө мүлктүк зыян келтирүү, -

II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Бөтөн мүлктү жок кылуу же зыянга учуратуу (94-берене)**

Бөтөн мүлктү ага орчундуу эмес өлчөмдө залал келтирүү менен жок кылуу же зыянга учуратуу, -

II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Кылмыштуу жол менен алынганын билип туруп мүлктү сатып алуу же сатуу (95-берене)**

Кылмыштуу жол менен алынганын билип туруп мүлктү мурдатан макулдашпастан сатып алуу же сатуу, эгерде кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруунун (адалдоонун) белгилери болбосо, -

эркиндикти II категориядагы чектөө менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Мыйзамсыз ишкердик же банктык иш (97-берене)**

Каттоосуз, же болбосо атайын уруксат (лицензия) алуу милдеттүү болгон учурларда атайын уруксатсыз (лицензиясыз) же лицензиялоонун шарттарын бузуу менен ишкердик же банктык ишти же болбосо банктык операцияларды жүргүзүү, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

Кыргыз Республикасында чет өлкөлүк жумушчу күчтү тартуу жана пайдалануу эрежелерин бузуу (108-берене)

Кыргыз Республикасында чет өлкөлүк жумушчу күчтү тартуу жана пайдалануу эрежелерин бузуу, -

I категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Асыл металлдарды, табигый асыл таштарды мыйзамсыз жүгүртүү (111-берене)**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген эрежелерди атайылап же абайлабай бузуу менен, асыл металлдарга, табигый асыл таштарга байланышкан бүтүмдү жасоо, буга тете эле зергердик жана турмуш-тиричиликтик буюмдарды жана мындай буюмдардын сыныктарын кошпогондо, кандай түрдө, абалда болбосун асыл металлдарды, табигый асыл таштарды мыйзамсыз сактоо, ташуу же жөнөтүү, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Асыл металлдарды жана асыл таштарды мамлекетке тапшыруу эрежелерин бузуу (112-берене)**

Жер казынасынан казылган, экинчилик чийкизат-

тан алынган, буга тете эле ачылган жана табылган асыл металлдарды же асыл таштарды аффинажга милдеттүү түрдө берүүдөн же мамлекетке милдеттүү түрдө сатуудан атайылап же абайлабай четтөө, эгерде бул жосун орчундуу өлчөмдө жасалса, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Коммерциялык же бөлөк уюмда ыйгарым укуктарды кыянат пайдалануу (113-берене)**

Коммерциялык же бөлөк уюмда башкаруу функциясын аткарган адамдын өз ыйгарым укуктарын ушул уюмдун кызыкчылыктарына каршы түрдө жана өзү же башка адамдар үчүн пайда же болбосо артыкчылык алуу же болбосо башка адамдарга, уюмдарга зыян келтирүү максатында пайдалануусу, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен I категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

Мамлекеттик же муниципалдык ишкананын, мамлекеттик же муниципалдык түзүлмө уставдык капиталындагы акцияларга (үлүштөргө) ээлик кылган чарбалык коомдун кызматчысы жасаган ошол эле жосун, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Коомдук коопсуздукка, коомдук тартипке, калктын ден соолугуна жана адеп-ахлагына каршы жоруктар жөнүндө мыйзамдарды бузуу**

**Кен казуу, курулуш жумуштарынын, жарылуу коркунучу бар же бөлөк жумуштардын эрежелерин бузуу (115-берене)**

Кен казуу, курулуш жумуштарын, жарылуу коркунучу бар же бөлөк жумуштарды жүргүзгөндө коопсуздук эрежелерин атайылап же абайлабай бузуу, эгерде бул абайлабагандан ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүүгө алып келсе, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Радиоактивдүү материалдарга мыйзамсыз мамиле жасоо (116-берене)**

Радиоактивдүү материалдарды мыйзамсыз сатып алуу, сактоо, пайдалануу, өткөрүп берүү, сатуу же бузуу, эгерде бул абайлабагандыктан ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүүгө алып келсе, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Жарылуучу, тез жалындоочу заттарды жана пиротехникалык буюмдарды мыйзамсыз жүгүртүү (117-берене)**

Жарылуучу, тез жалындоочу заттарды жана пиротехникалык буюмдарды эсепке алуунун, сактоонун, ташуунун жана пайдалануунун эрежелерин атайылап же абайлабай бузуу, буга тете эле, бул заттарды почта боюнча же жүк менен мыйзамсыз жиберүү, эгерде бул абайлабагандан ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүүгө алып келсе, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы

айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Өрт коопсуздугунун эрежелерин бузуу (118-берене)**

Өрт коопсуздугунун эрежелерин аткарууга жооптуу адамдын өрт коопсуздугунун эрежелерин атайылап же абайлабай бузуусу, эгерде бул өрттүн келип чыгуусуна алып келип, абайлабагандан ден соолукка анча оор эмес зыян келтирсе же болбосо орчундуу залалга алып келсе, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен I категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Майда бейбаштык (119-берене)**

Майда бейбаштык, башкача айтканда, зомбулук же зомбулук көрсөтөм деп коркутуу, буга тете эле мүлктү жок кылуу же зыянга учуратуу менен коштолуучу, коомдук тартипти же жалпы кабыл алынган жүрүм-турум нормаларын одоно бузуучу атайылап жасалган аракеттер, -

II категориядагы айып пул же болбосо эркиндикти II категориядагы чектөө түрүндөгү жазага алып келет.

**Мыйзамсыз миграцияны уюштуруу (122-берене)**

Мыйзамсыз миграцияны уюштуруу же мыйзамсыз түрдө Кыргыз Республикасынын аймагына кирүү, андан чыгуу, анда жүрүү үчүн жарандарга транспорттук каражаттарды же болбосо жасалма документтерди, турак жайды же башка орун-жайларды берүү, буга тете эле башка кызматтарды көрсөтүү, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Жумуштарды жүргүзүүдө айлана-чөйрөнү коргоо эрежелерин бузуу (133-берене)**

Өнөр жайлык, чарбалык, илимий жана башка объекттерди долбоорлоодо, жайгаштырууда, курууда, ишке киргизүүдө айлана-чөйрөнү коргоо эрежелерин ошол эрежелердин сакталышына жооптуу адамдар тарабынан атайылап же абайлабай бузуу, эгерде бул абайлабагандан ден соолукка анча оор эмес зыян келтирсе, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Экологиялык кооптуу заттарга жана калдыктарга мамиле жасоо эрежелерин бузуу (136-берене)**

Радиоактивдүү, бактериологиялык, химиялык заттарды же калдыктарды ташуунун, көмүүнүн же утилдештирүүнүн эрежелерин атайылап же абайлабай бузуу, -

I категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

Абайлабагандан ден соолукка анча оор эмес зыян келтирген ошол эле жосун, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Токойду жок кылуу же зыянга учуратуу (138-берене)**

Отту же кооптуулугу жогору башка нерсени өзүнө өзү ишенип алып же болбосо этибарсыздык менен пайдалануунун натыйжасында токойду, чым көңдүү жерди же табияттын башка объекттерин жок кылуу же зыянга учуратуу, эгерде бул абайлабагандан ден соолукка анча оор эмес зыян келтирсе, -

I категориядагы коомдук жумуштарга тартуу менен II

категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

Өрт коюу же болбосо жалпыга кооптуу башка ыкма аркылуу токойду, чым көңдүү жерди же табияттын башка объекттерин жок кылуу же зыянга учуратуу, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Экологиялык бузуулардын кесепеттерин жоюу боюнча чара көрбөө (139-берене)**

Экологиялык булганууга учураган жерлерде дезактивдештирүүчү же башка калыбына келтирүүчү иш-чараларды жүргүзүүдөн четтөө же жеңил ойлуулуктан же этибарсыздыктан улам аларды талаптагыдай эмес жүргүзүү, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш жүргүзүү укугунан ажыратуу менен I категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Сууларды булгоо (140-берене)**

Суу сыймаларды (жер бетиндеги же жер алдындагы сууларды) булганыч агынды суулар менен, калдыктардын жана таштандылардын өндүрүштүк, турмуш-тиричиликтик же башка түрлөрү менен, буга тете эле балыкты жана суу жаныбарларын кармоонун тыюу салынган куралдары менен атайылап же абайлабай булгоо же болбосо ыпластоо, эгерде бул абайлабагандан ден соолукка анча оор эмес зыян келтирсе, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Атмосфераны булгоо (141-берене)**

Булгоочу заттарды атмосферага чыгаруунун эрежеле-

рин атайылап же абайлабай бузуу же түзүлүштөрдү, курулмаларды жана башка объекттерди иштетүү эрежелерин бузуу, эгерде бул абайлабагандан ден соолукка анча оор эмес зыян келтирсе, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Жер казынасын коргоо жана пайдалануу эрежелерин бузуу (142-берене)**

Кен казуучу ишканаларды же кен казууга байланышпаган жер алдындагы курулмаларды долбоорлоодо, жайгаштырууда, курууда, ишке киргизүүдө жана иштетүүдө жер казынасын коргоо жана пайдалануу эрежелерин атайылап же абайлабай бузуу, буга тете эле пайдалуу кендер жаткан аянттарда өз эркинче курулуш куруу, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Сот өкүмүн, сот чечимин же башка сот актысын аткарбоо (167-берене)**

Мыйзамдуу күчүнө кирген сот өкүмүн, сот чечимин же башка сот актысын белгиленген мөөнөттө аткарбоо, -

II категориядагы коомдук жумуштар же II категориядагы түзөтүү жумуштары, же болбосо II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Расмий документтерди жана мамлекеттик сыйлыктарды сатып алуу (170-берене)**

Кыргыз Республикасынын, Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун укуктарды берүүчү же милдеттерден бошотуучу расмий документин же мамлекеттик сыйлыгын мыйзамсыз сатып алуу, -

I категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**Кооптуу өндүрүш объекттеринде лицензиясыз (уруксатсыз) иш жүргүзүү (174-берене)**

Кооптуу өндүрүш объекттеринде лицензиясыз (уруксатсыз) же болбосо лицензияны (уруксатты) колдонуунун шарттарын атайылап же абайлабай бузуу (аткарбоо) менен иш жүргүзүү, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

## Санкцияларды унификациялап түзүүгө жорук үчүн негизги жазалардын түрлөрүнүн жана өлчөмдөрүнүн туура келүүсүнүн таблицасы

**Коомдук жумуштар**

| № | Коомдук жумуштар | Жаза |
|---|---|---|
| 1 | I категория | 30дан 40 саатка чейин |
| 2 | II категория | 40тан 60 саатка чейин |

**Эркиндикти чектөө**

| № | Эркиндикти чектөө | Жаза |
|---|---|---|
| 1 | I категория | 3төн 6 айга чейин |
| 2 | II категория | 6 айдан бир жылга чейин |

## Белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иштти жүргүзүү укугунан ажыратуу

| № | Белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иштти жүргүзүү укугунан ажыратуу | Жаза |
|---|---|---|
| 1 | I категория | 6 айдан 1 жылга чейин |
| 2 | II категория | 1 жылдан 2 жылга чейин |

## Түзөтүү жумуштары

| № | Түзөтүү жумуштары | Жаза |
|---|---|---|
| 1 | I категория | 2ден 4 айга чейин (эмгек акыдан 10дон 20 пайызга чейин чегерүү менен) |
| 2 | II категория | 4төн 6 айга чейин (эмгек акыдан 10дон 20 пайызга чейин чегерүү менен) |

## Айып пул

| № | Айып пул | Жаза |
|---|---|---|
| 1 | I категория | 400дөн 600гө чейинки эсептик көрсөткүч |
| 2 | II категория | 600дөн 800гө чейинки эсептик көрсөткүч |

## Аскер кызматчысына карата камак

| № | Аскер кызматчысына карата камак | Жаза |
|---|---|---|
| 1 | I категория | үч сутка |
| 2 | II категория | беш сутка |

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК КОДЕКСИНДЕ КАРАЛГАН ЖООПКЕРЧИЛИК

## Жазык мыйзамдарында кишинин жеке эркиндигин бузуу жаатында каралган бузуулар

### Эмгекти мажбурлап пайдалануу (кул эмгеги) (173-берене)

1. Ага карата менчик укугуна тиешелүү ыйгарым укуктар жүзөгө ашырылган адамдын эмгегин мажбурлап пайдалануу, эгерде адам андан көз каранды болбогон себептер боюнча жумуштарды (кызмат көрсөтүүлөрдү) аткаруудан баш тарта албаса, -

II категориядагы айып салуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:

1) билип туруп жашы жетелекке карата;

2) өмүргө жана ден соолукка коркунуч келтирбеген шантажды, зомбулукту колдонуу менен же мындай зомбулукту колдонуу менен коркутуу менен;

3) жабырлануучунун инсандыгын күбөлөндүргөн документтерди алып коюу, жашыруу, же болбосо жок кылуу менен, -

III категориядагы айып салуу менен III категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Ушул berененин 1 же 2-бөлүгүндө каралган жосундар:

1) билип туруп жаш балага карата;

2) этиятсыздыктан ден соолукка оор зыян келтирген, -

IV категориядагы айып салуу менен IV категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Адамдын тең укуктуулугун бузуу (185-берене)**

1. Этиятсыздыктан олуттуу зыян келтирген адамдын тең укуктуулугун бузуу, тактап айтканда жынысына, расасына, улутуна, тилине, майыптыгына, этностук таандыгына, туткан динине, курагына, саясий же башка ишенимдерине, билимине, тегине, мүлктүк же башка абалына жараша укуктарды тикелей, же болбосо кыйыр чектөө же тикелей же кыйыр артыкчылыктарды белгилөө, -

IV категориядагы түзөтүү жумуштарына же V категориядагы айып салууга, же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен же ансыз I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Этиятсыздыктан ден соолукка оор зыян келтирген ошол эле жосун, -

VI категориядагы айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен же ансыз II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Жекече жашоонун кол тийбестигин бузуу (186-берене)**

1. Мыйзамда белгиленген учурлардан тышкары, адамдын жеке жашоосу жөнүндө купуя маалыматты анын макулдугусуз мыйзамсыз жыйноо, сактоо, пайдалануу жана жайылтуу, -

IV категориядагы коомдук иштерге же III категориядагы түзөтүү жумуштарына, же IV категориядагы айып салууга жазаланат.

2. Жеке же үй-бүлөлүк сырды чыгармада, жалпыга маалымдоо каражаттарында чыкканда, же болбосо башка жалпыга чыгууларда мыйзамсыз пайдалануу же болбосо

жайылтуу, -

IV категориядагы түзөтүү жумуштарына же V категориядагы айып салууга, же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен же ансыз I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Эмгек акыны, пенсияны, жөлөк пулду төлөбөө (198-берене)**

Менчигинин формасына карабастан ишкананын, мекеменин же уюмдун кызмат адамынын эмгек акыга, пенсияга, жөлөк пулга жана башка социалдык төлөмдөргө багытталган акчалай каражаттардын дайындалышы боюнча эмес пайдалануусу, аларды алтымыш күндөн ашык мезгилдин ичинде өз убагында эмес төлөнүүгө алып келсе, -

IV категориядагы коомдук иштерге же III категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же III категориядагы түзөтүү жумуштарына, же IV категориядагы айып салууга жазаланат.

**Жазык мыйзамында каралган менчикке каршы бузуулар**

**Уурдоо (200-берене)**

1. Уурдоо, башкача айтканда олуттуу өлчөмдө жасалган бирөөнүн мүлкүн жашыруун уурдап кетүү, -

IV категориядагы түзөтүү жумуштарына же V категориядагы айып салууга, же I категориядагы айып салуу менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:

1) ири өлчөмдө;

2) адамдардын тобу же алдын ала сүйлөшүү боюнча

адамдардын тобу тарабынан;

3) адамдын менчигинде же башка укукта турган турак жайга же башка объектке кирүү менен, -

VI категориядагы айып салууга же II категориядагы айып салуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Өзгөчө ири өлчөмдө жасалган, ушул berененин 1 же 2-бөлүктөрүндө каралган жосундар, -

III категориядагы айып салуу менен III категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу же коротуу (205-берене)**

1. Ишенип берилген мүлктү олуттуу өлчөмдө ыйгарып алуу же коротуу, -

IV категориядагы түзөтүү жумуштарына же V категориядагы айып салууга, же I категориядагы айып салуу менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосундар:

1) адамдардын тобу же алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу тарабынан;

2) ири өлчөмдө, -

VI категориядагы айып салууга же II категориядагы айып салуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Ушул берененин 1 же 2-бөлүктөрүндө каралган жосундар төмөнкүдөй жасалса:

1) өзгөчө ири өлчөмдө;

2) мүлк жана (же) акча каражаттары кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу ишенип берилген адам тарабынан, -

III категориядагы айып салуу менен III категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Бөтөн мүлктү жок кылуу же бузуу (210-берене)**

1. Олуттуу зыян келтирген бөтөн мүлктү жок кылуу же бузуу, ошого тете мамлекеттин коргоосуна алынган тарыхый эстеликти же жаратылыш объекттин жок кылуу же бузуу, -

IV категориядагы түзөтүү жумуштарына же V категориядагы айып салууга, же I категориядагы айып салуу менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Ошол эле жосундар өрттөө же жалпы коркунучтуу ыкма менен жасалса же ири зыян келтирсе, -

VI категориядагы айып салууга же II категориядагы айып салуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Өзгөчө ири залалды келтирген ушул берененин 1 же 2-бөлүктөрүндө каралган жосундар -

III категориядагы айып салуу менен III категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Мыйзамсыз ишкердик же банктык иш (211-берене)**

1. Эгерде бул жосун ири өлчөмдөгү кирешени алуу менен коштолсо, мындай лицензия жана (же) уруксат милдеттүү болгон учурларда ишкердик же банк ишин же болбосо банктык операцияларды каттоосуз, же болбосо атайын лицензиясы жана (же) уруксаты жок, же лицензиялоонун шарттарын бузуу менен жүзөгө ашыруу, -

I категориядагы коомдук иштерге же I категориядагы айып салууга жазаланат.

2. Ошол эле жосун өзгөчө ири өлчөмдө киреше алуу менен коштолсо, -

II категориядагы коомдук иштерге же I категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же I категориядагы түзөтүү жумуштарына же II категориядагы айып са-

луугa жазаланат.

**Жалган ишкердик (213-берене)**

1. Жалган ишкердик, башкача айтканда насыя алуу, салыктардан бошонуу, башка мүлктүк пайданы табуу же тыюу салынган ишти жашыруу максатында, эгерде ири өлчөмдөгү кирешени алуу менен бул жосун коштолсо, ишкердик ишти жүзөгө ашыруу ниетисиз юридикалык жакты түзүү, -

IV категориядагы түзөтүү жумуштарына же V категориядагы айып салууга, же I категориядагы айып салуу менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Ошол эле жосун:

1) өзгөчө ири өлчөмдөгү кирешени алуу менен коштолгон;

2) алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу тарабынан жасалган, -

VI категориядагы айып салууга же II категориядагы айып салуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Бүтүмдү жасоого же аны жасоодон баш тартууга мажбурлоо (217-берене)**

1. Шантаж кылууну колдонуу менен же өмүргө жана ден соолукка коркунуч келтирбеген зомбулукту колдоном деп коркутуу менен бүтүмдү жасоого же аны жасоодон баш тартууга мажбурлоо, опузалап алуу белгилери жок болсо, -

V категориядагы айып салууга же I категориядагы айып салуу менен категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:

1) өмүргө жана ден соолукка коркунуч келтирбеген зомбулукту колдонуу менен;

2) алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу тарабынан, -

VI категориядагы айып салууга же II категориядагы айып салуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Этиятсыздыктан оор зыян келтирген ушул берененин 1 же 2-бөлүктөрүндө каралган жосундар, -

III категориядагы айып салуу менен III категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Коммерциялык же банктык сырды түзгөн маалыматты мыйзамсыз алуу (220-берене)**

1. Документтерди уурдоо, коммерциялык же банктык сырды билген адамдарга же алардын жакындарына карата коркутууларды же сатып алууну колдонуу, байланыш каражаттарынан маалыматты алып калуу, компьютердик системага же тармакка мыйзамсыз кирүү, атайын техникалык каражаттарды колдонуу жолу менен, аларга тете башка мыйзамсыз ыкмалар менен коммерциялык же банктык сырды түзгөн маалыматтарды жыйноо, -

IV категориядагы коомдук иштерге же III категориядагы түзөтүү жумуштарына, же IV категориядагы айып салууга жазаланат.

2. Юридикалык жакка катышуунун үлүшүнө болгон менчик ээсинин алмашуусуна же менчик ээсинин эркине каршы юридикалык жакты контролдоону орнотконго алып келген ошол эле жосундар, -

V категориядагы айып салууга же I категориядагы айып салуу менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

## Жазык мыйзамдарында каралган бажы төлөмдөрү тармагындагы бузуулар

### Бажы төлөмдөрүн төлөөдөн качуу (230-берене)

1. Төлөмдөрдү эсептеп чыгаруу үчүн документтерди бербөө, же аларды жок кылуу, же төлөмдөрдү эсептеп чыгаруу үчүн документтерге билип туруп бурмаланган маалыматтарды киргизүү жолу менен бажы төлөмдөрүн төлөөдөн качуу, ошондой эле экономикалык контрабанданын белгилери болбогондо башка салык салуунун объекттерин ири өлчөмдө жашыруу, -

IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына, же V категориядагы айып салууга, же I категориядагы айып салуу менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:

1) алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу тарабынан;

2) өзгөчө ири өлчөмдө, -

VI категориядагы айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен же ансыз жана II категориядагы айып салуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү. Ушул Кодекстин 230-232-беренелеринде ири өлчөмдөгү бажы төлөмдөрүн, салык карыздарын же башка милдеттүү бюджетке төлөмдөрдү төлөөдөн качуу деп кылмыш жасалган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген эсептик көрсөткүчтөн бир миң эсе ашкан төлөмдөрдү төлөбөй коюу, ал эми өзгөчө ири өлчөмдө деп эсептик көрсөткүчтөн беш миң эсе аш-

кан төлөмдөрдү төлөбөй коюу таанылат.

Айыптарды жана туумдарды кошкондо, бардык салык же бажы карыздары ыктыярдуу түрдө тындырылган учурда адамды ушул Кодекстин 230-232-беренелеринде каралган кылмыштарды жасагандыгына байланыштуу жазыктык куугунтуктоо жазык процессинин кандай гана болбосун стадиясында токтотулууга тийиш.

**Бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн качуу (231-берене)**

1. Эгерде бул жосун бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү ири өлчөмдө төлөбөөгө алып келсе, декларация берүү милдеттүү болуп саналган учурларда кирешелер жөнүндө декларацияны бербөө жолу менен же болбосо бюджетке салыктарды жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү кошуп эсептөө же төлөө менен байланышкан башка документтерге кирешелер же чыгашалар жөнүндө же болбосо салык салынууга жаткан мүлк жөнүндө бурмаланган маалыматтарды билип туруп киргизүү жолу менен бюджетке салык жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн качканда, -

IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына, же V категориядагы айып салууга же I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Өзгөчө ири өлчөмдө жасалган ошол эле жосун, -

VI категориядагы айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен же ансыз жана II категориядагы айып салуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Уюмдардан бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн качу (232-берене)**

1. Эгерде бул жосун бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү ири өлчөмдө төлөбөөгө алып келсе, декларация берүү милдеттүү болуп саналган учурларда кирешелер жөнүндө декларацияны бербөө жолу менен же болбосо бюджетке салыктарды жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү кошуп эсептөө же төлөө менен байланышкан башка документтерге кирешелер же чыгашалар жөнүндө же болбосо салык салынууга жаткан мүлк жөнүндө бурмаланган маалыматтарды билип туруп киргизүү жолу менен уюмдардан бюджетке салык жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн качканда, -

IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына, же V категориядагы айып салууга же I категориядагы айып салуу менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ушул эле жосун:

1) өзгөчө ири өлчөмдө;

2) иштерди иш жүзүндө аткарбастан, кызматтарды көрсөтпөстөн, товарларды жүктөп жибербестен эсеп-фактураны пайдалануу менен;

3) адамдардын тобу тарабынан алдын ала сүйлөшүп алуу боюнча.

VI категориядагы айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу же ансыз жана II категориядагы айып салуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Жазык мыйзамдарында каралган коммерциялык жана башка уюмдардагы кызматтын кызыкчылыктарына каршы кылмыштар чөйрөсүндөгү бузуулар

**Коммерциялык же башка уюмда ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдалануу (233-берене)**

1. Коммерциялык же башка уюмда башкаруу функциясын аткарган адамдын өзүнүн ыйгарым укуктарын ушул уюмдун кызыкчылыгына каршы жана пайда көздөө же өзү же башка адамдар же уюмдар үчүн артыкчылыктарды алуу же башка адамдарга же уюмдарга зыян келтирүү максатында колдонуусу, эгерде бул атайылап же этиятсыздыктан олуттуу зыян келтирсе, -

IV категориядагы коомдук иштерге же III категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же III категориядагы түзөтүү жумуштарына, же IV категориядагы айып салууга жазаланат.

2. Мамлекеттик же муниципалдык ишкананын, мамлекеттик же муниципалдык түзүм уставдык капиталында акциясына (үлүшүнө) ээлик кылган чарбакер коомдун кызматчысы жасаган ошол эле жосун, -

IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына, же V категориядагы айып салуу менен, же I категориядагы айып салуу менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү. Эгерде ушул беренеде же ушул главанын башка беренесинде каралган жосун мамлекеттик же муниципалдык ишкана, мамлекеттик же муниципалдык түзүм уставдык капиталында акциясына (үлүшүнө) ээлик кылган чарбакер коом болбогон коммерциялык уюмдун гана кызыкчылыктарына зыян келтирсе, кылмыштык куугунтуктоо ошол уюмдун арызы жана анын макулдугу жүргүзүлөт.

## Коммерциялык паралап сатып алуу (237-берене)

1. Ээлеген кызмат абалына байланыштуу берип жаткан адамдын кызыкчылыгында аракеттерди (аракетсиздикти) жасоо үчүн коммерциялык же башка уюмдагы башкаруу функцияларын аткарып жаткан адамга акчаларды, баалуу кагаздарды, башка мүлктү мыйзамсыз берүү, ошого тете ага мүлктүк мүнөздөгү мыйзамсыз кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөтүү, -

IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына, же V категориядагы айып салууга, же I категориядагы айып салуу менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Ээлеген кызмат абалына байланыштуу берип жаткан адамдын кызыкчылыгында аракеттерди (аракетсиздикти) жасоо үчүн коммерциялык же башка уюмдагы башкаруу функцияларын аткарып жаткан адамдын акчаларды, баалуу кагаздарды, башка мүлктү мыйзамсыз алуусу, ошого тете ага мүлктүк мүнөздөгү мыйзамсыз кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануусу, -

VI категориядагы айып салууга же II категориядагы айып салуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган жосундар:

1) алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу тарабынан жасалган;

2) акчаларды, баалуу кагаздарды, башка мүлктү же мүлктүк мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөрдү опузалап алуу менен коштолгон, -

III категориядагы айып салуу менен үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу

менен III категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү. Эгерде адамга карата акчаларды, баалуу кагаздарды, башка мүлктү же болбосо мүлктүк мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөрдү опузалап алуу жасалса, же эгерде бул адам паралап сатып алуу жөнүндө ыктыярдуу түрдө тергөөчүгө же прокурорго билдирсе, адам ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган жосундар үчүн жазык жоопкерчилигинен бошотулат.

Жазык мыйзамдарында каралган өнөр жайда, курулушта жана жогорку коркунучтагы булактарды пайдалануу чөйрөсүндөгү коопсуздукка каршы бузуулар

**Тоо-кен, курулуш, жарылуу кооптуулугу бар же башка жумуштардын коопсуздук эрежелерин бузуу (258-берене)**

Этиятсыздыктан оор зыян келтирген тоо-кен, курулуш же жарылуу кооптуулугу бар жумуштарды алып барууда коопсуздук эрежелерин атайылап же этиятсыз бузуу, -

VI категориядагы айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Жарылуучу, тез күйүүчү заттарды жана пиротехникалык буюмдарды мыйзамсыз жүгүртүү (260-берене)**

Этиятсыздыктан оор зыян келтирген жарылуучу, тез күйүүчү заттарды жана пиротехникалык буюмдарды эсепке алуу, сактоо, ташуу жана пайдалануу, ошого тете бул заттарды почта же кол жүк менен мыйзамсыз

жөнөтүү эрежелерин атайылап же этиятсыз бузуу, -

VI категориядагы айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратуууга жазаланат.

**Өрт коопсуздугунун эрежелерин бузуу (261-берене)**

Өрт коопсуздугун эрежелерин аткарылышы үчүн жооптуу болгон адамдын өрт коопсуздугунун эрежелерин атайылап же этиятсыз бузуусу, эгерде ал этиятсыздыктан оор зыянга учураткан өрттүн пайда болушуна алып келсе, -

VI категориядагы айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен же ансыз II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Кыргыз Республикасынын бажы чек арасы аркылуу алып өтүү үчүн аларга атайын эрежелер белгиленген предметтердин контрабандасы (270-берене)**

1. Кыргыз Республикасынын бажы чек арасы аркылуу баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды, алардын аналогдорун жана прекурсорлорун; күчтүү таасир этүүчү, уулуу, уулантуучу, радиоактивдүү же жарылуучу заттарды; куралданууну, жардыруучу түзүлүштөрдү, атуучу куралды же ок-дарыларды; ядролук, химиялык, биологиялык жана массалык жок кылуучу куралдардын башка түрлөрүн; массалык жок кылуучу куралдарды жаратууда колдонулушу мүмкүн болгон жана аларга Кыргыз Республикасынын бажы чек арасы аркылуу алып өтүүнүн

атайын эрежелери белгиленген материалдарды, технологияларды, илимий-техникалык маалыматты жана жабдууларды; Кыргыз Республикасынын бажы чек арасы аркылуу алып өтүүнүн атайын эрежелери белгиленген стратегиялык маанилүү чийки зат товарларын жана маданий баалуулуктарын, эгерде бул жосун бажы контролун кыйчап өтүү менен же бажы контролунан жашыруу менен, же документтерди, же бажы идентификациясынын каражаттарын алдап колдонуу менен жасалса, же болбосо декларациялабоо же туура эмес декларациялоо менен коштолсо, -

VI категориядагы айып салууга же II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган төмөнкүдөй жасалган жосун:

1) өзүнүн кызматтык абалын пайдалануу менен кызмат адамы тарабынан;

2) бажы контролун жүзөгө ашыруучу адамга карата өмүргө жана ден соолукка коркунуч келтирбеген зомбулукту колдонуу менен;

3) адамдардын тобу же алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу тарабынан, -

үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен III категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Жазык мыйзамдарында каралган экологиялык коопсуздукка жана жаратылыш чөйрөсүнө каршы бузуулар

**Иштерди жүргүзүүдө айлана-чөйрөнү коргоо эрежелерин бузуу (283-берене)**

Этиятсыздыктан оор зыян келтирген өнөр жай, чарбалык, илимий жана башка объекттерди долбоорлоодо,

жайгаштырууда, курууда, пайдаланууга киргизүүдө айлана-чөйрөнү коргоо эрежелерин сактоого жооптуу болгон адамдар тарабынан ал эрежелерди атайылап же этиятсыз бузуу, -

VI категориядагы айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Экологиялык коркунучтуу заттарды жана калдыктарды пайдалануу эрежелерин бузуу (284-берене)**

1. Белгиленген эрежелерди атайылап же этиятсыз бузуу менен радиоактивдүү, бактериологиялык, химиялык заттарды жана калдыктарды ташуу, көмүү же керекке жаратуу, этиятсыздыктан олуттуу зыян келтирсе, ошого тете экологиялык апаат чөлкөмүндө же өзгөчө экологиялык кырдаалдын чөлкөмүндө радиоактивдүү, бактериологиялык, химиялык заттарды жана калдыктарды көмүү же утилдештирүү, -

IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына, же V категориядагы айып салууга, же I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Этиятсыздыктан оор зыян келтирген ошол эле жосундар, -

VI категориядагы айып салууга, же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Токойду жок кылуу же бүлүнтүү (287-берене)**

1. Этиятсыздыктан олуттуу зыян келтирген, өрттөө жолу менен же башка жалпы коркунучтуу ыкма менен токойду, чым көңдү же жаратылыштын башка объекттерин жок кылуу же бүлүнтүү, -

IV категориядагы түзөтүү жумуштарына же V категориядагы айып салууга, же I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Этиятсыздыктан оор зыян келтирген ошол эле жосундар, -

VI категориядагы айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Сууларды булгоо (289-берене)**

1. Этиятсыздыктан олуттуу зыян келтирген суу көлмөлөрүн (жер бетиндеги же жер астындагы сууларды) саркынды суулар, өндүрүштүк, тиричилик жана калдыктардын жана таштандылардын башка түрлөрү менен булгоо же ошого тете тыюу салынган шаймандар менен балыктарды жана суу жаныбарларын уулоо, -

IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына, же V категориядагы айып салууга, же I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Этиятсыздыктан оор зыян келтирген ошол эле жосун, -

VI категориядагы айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу

менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Атмосфераны булгоо (290-берене)**

1. Булгоочу заттарды атмосферага чыгаруунун эрежелерин атайылап же этиятсыз бузуу же орнотмолорду, курулмаларды жана башка объекттерди пайдалануудагы бузуулар этиятсыздыктан олуттуу зыян келтирсе, -

IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына, же V категориядагы айып салууга, же I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Этиятсыздыктан оор зыян келтирген ошол эле жосун, -

VI категориядагы айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

***Жер казынасын коргоо жана пайдалануу эрежелерин бузуу (292-берене)***

Этиятсыздыктан олуттуу зыян келтирген тоо-кен казуучу ишканаларды же пайдалуу кендерди казуу менен байланышпаган жер алдындагы курулмаларды долбоорлоодо, жайгаштырууда, курууда, пайдаланууга киргизүүдө жана пайдаланууда жер казынасын коргоо жана пайдалануу эрежелерин атайылап же этиятсыз бузуу, ошого тете пайдалуу кендер жаткан аянтка өзү билип курулма куруу, -

IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан

ажыратууга же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына, же V категориядагы айып салууга, же I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Жазык мыйзамдарында каралган мамлекеттик жана муниципалдык кызматтык кызыкчылыктарга каршы бузуулар**

**Пара берүү (328-берене)**

1. Кызмат адамына, чет өлкөлүк кызмат адамына же болбосо эл аралык уюмдун кызмат адамына же ошол кызмат адамынын, чет өлкөлүк кызмат адамынын, же болбосо эл аралык уюмдун кызмат адамына пара берүүнүн ортомчусу аркылуу аракеттери (аракетсиздиги) үчүн пара берүүчүнүн же анын атынан чыккан адамдардын пайдасына кылган кызматтык ыйгарым укуктарына кирген, же болбосо аларга өзүнүн кызматтык абалы боюнча көмөктөшө алуучу, ошого тете пара берүү сунушун же пара алуу убадасын алуу, -

IV категориядагы түзөтүү жумуштарына же V категориядагы айып салууга, же I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:

1) ири өлчөмдө;

2) билип туруп мыйзамсыз аракетти (аракетсиздикти) жасаса, -

VI категориядагы айып салууга же II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Өзгөчө ири өлчөмдө жасалган ушул берененин 1 жана 2-бөлүктөрүндө каралган жосундар, -

III категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү. Эгерде кызмат адамы тарабынан пара опу-

залап алынса же эгерде адам жазык ишин козгоого укугу бар органга пара берүү жөнүндө ыктыярдуу билдирсе, пара берген адам, ушул беренеде каралган жосун үчүн жазык жоопкерчилигинен бошотулат.

**Документтердин жасалмасы (359-берене)**

1. Даярдоочунун өзү же башка адам тарабынан аны колдонуу максатында укуктарды берүүчү же милдеттерден бошотуучу расмий документтин жасалмасы, башкача айтканда расмий документке, билип туруп анын чыныгы мазмунун бурмалаган жалган маалыматтарды, оңдоолорду киргизүү; же мындай документти сатып өткөрүү, ошого тете ошол эле максаттарда жасалма мөөрдү же мамлекеттик сыйлыкты даярдоо же аларды сатып өткөрүү, -

II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Билип туруп жалган расмий документти пайдалануу, -

VI категориядагы айып салууга же II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Башка кылмышты жашыруу же аны жасоону жеңилдетүү максатында жасалган ушул берененин 1 же 2-бөлүктөрүндө каралган жосундар, -

III категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

# Санкцияларды бирдейлештирип түзүүгө кылмыш үчүн жазалардын түрлөрүнүн жана өлчөмдөрүнүн шайкештик таблицасы

## Коомдук жумуштар

| № | Коомдук жумуштар | Жазалоо өлчөмү |
|---|---|---|
| 1 | I категория | 60тан 120 саатка чейин |
| 2 | II категория | 120дан 200 саатка чейин |
| 3 | III категория | 200дөн 280 саатка чейин |
| 4 | IV категория | 280ден 360 саатка чейин |

## Белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу

| № | Белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу | Жазалоо өлчөмү |
|---|---|---|
| 1 | I категория | 1 жылдан 2 жылга чейин |
| 2 | II категория | 2 жылдан 3 жылга чейин |
| 3 | III категория | 3 жылдан 4 жылга чейин |
| 4 | IV категория | 4 жылдан 5 жылга чейин |

# Түзөтүү жумуштары

| № | Түзөтүү жумуштары | Жазалоо өлчөмү |
|---|---|---|
| 1 | I категория | 1 жылдан 1 жыл 6 айга чейин |
| 2 | II категория | 1 жыл 6 айдан 2 жылга чейин |
| 3 | III категория | 2 жылдан 2 жыл 6 айга чейин |
| 4 | IV категория | 2 жыл 6 айдан 3 жылга чейин |

# Айып пул

| № | Айып пула | Жазалоо өлчөмү |
|---|---|---|
| 1 | I категория | 600дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин |
| 2 | II категория | 1000дан 1400 эсептик көрсөткүчкө чейин |
| 3 | III категория | 1400дөн 1800 эсептик көрсөткүчкө чейин |
| 4 | IV категория | 1800дөн 2200 эсептик көрсөткүчкө чейин |
| 5 | V категория | 2200 дөн 2600 эсептик көрсөткүчкө чейин |

# Белгилүү мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу

| № | Эркиндигинен ажыратуу | Жазалоо өлчөмү |
|---|---|---|
| 1 | I категория | 2 жыл 6 айга чейин |
| 2 | II категория | 2 жыл 6 айдан 5 жылга чейин |
| 3 | III категория | 5 жылдан 7 жыл 6 айга чейин |
| 4 | IV категория | 7 жыл 6 айдан 10 жылга чейин |
| 5 | V категория | 10 жылдан  12 жыл 6 айга чейина |
| 6 | VI категория | 12 жыл 6 айдан 15 жылга чейин |